КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

**МЫЙЗАМ**

---

# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНИН ӨРГҮҮГӨ ЧЫГУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

**Максаты**

**1-берене.** Бул жобонун максаты – Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде учурда иштеп жаткан кызматкерлердин өргүүгө чыгуусу жөнүндө жол-жоболорду жөнгө салуу.

**Мазмуну**

**2-берене.** Бул жобонун мазмунунда Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде иштеген кызматкерлер тууралуу маалымат камтылат.

**Укуктук негиздеме**

**3-берене.** Бул жобо *«Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Уставынын», «Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин академиялык кызматкерлер (профессордук-окутуучулук курам) боюнча нускамасынын»* жана *«Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин административдик кызматкерлер боюнча нускамасынын»* негизинде даярдалды.

**Аныктамалар жана кыскартуулар**

**4-берене.** Бул жободо төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

- **Университет:** Кыргыз-Түрк «Манас» университети;
- **Камкорчулар кеңеши:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Камкорчулар кеңеши;

- **Окумуштуулар кеңеши:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңеши;
- **Башкаруу кеңеши:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Башкаруу кеңеши;
- **Ректорат:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректораты;
- **Ректор:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору;
- **Биринчи проректор:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректорунун биринчи орун басары;
- **Баш катчы:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин баш катчысы;
- **Кадрлар башкармалыгы:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин кадрлар башкармалыгы;
- **Декан / Мүдүр:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетине караштуу факультеттин деканы / институттун жана жогорку мектептин мүдүрү;
- **Академиялык кызматкерлер *(профессордук-окутуучулук курам)*:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде келишимдик негизде туруктуу иштеген окутуучулар жана кенже илимий кызматкерлер;
- **Административдик кызматкерлер:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин бардык түзүмдөрүндө келишимдик негизде туруктуу же убактылуу иштеген административдик кызматкерлер;
- **Кызматкерлер:** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде иштеген бардык академиялык *(профессордук-окутуучулук курам)* жана административдик кызматкерлер дегенди түшүндүрөт.

**Өргүүгө чыгуу**

**5-берене.** Өргүүнүн түрлөрү:

**a)** жылдык өргүү;

**b)** жүйөлүү себептерден улам берилген өргүү;

**c)** ден соолукка байланыштуу өргүү;

**d)** эмгек акысы сакталбаган өргүү;

**e)** өргүүнүн башка түрлөрү.

**Жылдык өргүү**

**6-берене. (1)** Бир жылдын ичинде кызматкер отуз күн жылдык өргүүгө чыга алат.

**(2)** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде иштегенине он эки ай толгон кызматкер

жылдык өргүүгө чыга алат. Зарыл болгон учурларда иштегенине он эки ай толо элек кызматкерге жылдык өргүүгө чыгууга ректорат уруксат бере алат. Кызматкер эс алган бул күндөр кызматкердин кийинки жылдык өргүү күндөрүнөн кемитилет.

**(3)** Өргүү тийиштүү окуу жылынын ичинде каникул убагында колдонулушу керек. Бирок ишке жараша ректораттын макулдугу менен өргүү окуу жылынын ичинде да колдонулушу мүмкүн.

**(4)** Кызматкер жыл ичинде чыга албай калган өргүү күндөрү кийинки жылга жылдырылат.

**(5)** Эки жылга тийиштүү удаа келген жылдык өргүү күндөрү ушул эле тартипте берилет. Эки жыл катары менен колдонулбаган өргүү күндөрүнүн *(такыр өргүүгө чыкпаса же чыкпай калган бир нече өргүү күнү калса)* акыркы жылга гана тийиштүү күндөрү кийинки жылга жылдырылат. Кызматкердин жылдык өргүү күндөрү эсептелип жатканда, алгач мурунку жылга тийиштүү жылдык өргүү күндөрү кемитилет.

**(6)** Иштен биротоло бошоп жаткан же келишимдик негизде убактылуу иштеп жаткан кызматкердин жылдык өргүүсүнөн бир жыл ичинде иштебеген ар бир ай үчүн үч күн кемитилет.

**Жылдык өргүү учурунда кызматкерди ишке чакыруу**

**7-берене.** Зарыл болгон учурларда жылдык өргүүгө чыгууга уруксат берген жетекчилер же эң жогорку кызматтагы жетекчилер кызматкерден жазуу / оозеки түрдө *(каттоого алуу менен)* ишке чыгышын талап кыла алат. Мындай учурларда кызматкер биринчи иш күнү дароо иштеп баштайт.

**Жүйөлүү себептерден улам өргүүгө чыгуу**

**8-берене. (1)** Аял кызматкерге жалпысынан он алты апта *(төрөттөн мурун сегиз, төрөттөн кийин сегиз апта)* кош бойлуулук жана төрөт боюнча эмгек акысы сакталган өргүү берилет. Эгиз кош бойлуу аял кызматкер төрөттөн мурунку сегиз аптага дагы эки апта кошуп өргүүгө чыга алат. Ден соолугу канааттандырарлык аял кызматкер болжолдонгон төрөт күнүнө үч апта калганча иштей алат. Кош бойлуу аял кызматкер иштеген бул мөөнөт ичиндеги күндөр төрөттөн кийинки жана төрөт боюнча өргүү күндөрүнө кошулат. Жогоруда аталган кырдаалдар кызматкердин ден соолугуна байланыштуу медициналык корутундунун негизинде узартылат.

**(2)** Болжолдонгон төрөт күнүнөн мурун көз жарган аял кызматкердин калган күндөрү төрөттөн кийинки кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүү күндөрүнө кошулат.

**(3)** Болжолдонгон төрөт күнүнөн кийин көз жарган аял кызматкердин калган күндөрү төрөттөн кийинки жана төрөт боюнча өргүү күндөрүнөн кемитилбейт.

**(4)** Бир жашка толо элек баланы эмизүү максатында аял кызматкерге күнүнө иш убактысында бир жарым саат уруксат берилет. Бул уруксатты кайсы убакта жана канчага бөлүп колдонорун аял кызматкер өзү чечет.

**(5)** Жубайынын көз жарганын документ менен тастыктаган эркек кызматкерге беш күн өргүү берилет.

**(6)** Кош бойлуу аял кызматкерге мезгилдүү ден соолугун текшертүү максатында эмгек акысы сакталган өргүү берилет. Медициналык корутундунун негизинде зарыл болгон учурда кош бойлуу аял кызматкерлердин иши жеңилдетилет. Буга карабастан, кош бойлуу аял кызматкердин эмгек акысы азайбайт.

**(7)** Жашы бирге толо элек бала асырап алган түгөйлөрдүн бирине, иш жүзүндө үй-бүлөгө бала берилген күндөн тартып, сегиз апталык эмгек акысы сакталган өргүү берилет.

**(8)** Өзү же баласы үйлөнүп жатканын документ менен тастыктаган кызматкер жүйөлүү себептерден улам беш күн өргүүгө чыга алат.

**(9)** Күйөөсүнүн / аялынын, баласынын, энесинин / атасынын, бир тууганынын каза болгонун документ менен тастыктаган кызматкерге беш күн өргүү берилет.

**(10)** Кызматкердин өнөкөт оорулуу же ден соолугунун 70 %ы начар баласы *(үйлөнгөн баласынын жубайы же кызынын күйөөсү ден соолугунун 70 %ы начар)* ооруп калса, медициналык корутундунун негизинде ата-энесинин бирине *(энесине же атасына)* гана бир жыл ичинде катары менен же бөлүп жети күнгө чейин өргүү берилет.

**(11)** Кызматкерге жогорудагылардан тышкары ректорат тарабынан бир жылдын ичинде бөлүп же бүтүндөй 10 күндүк уруксат берилиши мүмкүн. Зарыл болгон учурларда жүйөлүү себептерден улам кийинки жылга тийиштүү жылдык өргүүнүн эсебинен кызматкерге дагы он күн өргүү берилет. Жүйөлүү себептерден улам уруксат алгысы келген кызматкердин мурунку жылдан калган өргүүсү болбошу керек. Жүйөлүү себептерден улам берилген өргүү күндөрү менен жылдык өргүү күндөрү чогуу колдонулбайт.

### Ден соолукка байланыштуу өргүүгө чыгуу

**9-берене.** **(1)** Бир жылдын ичинде кызматкер ден соолугуна байланыштуу отуз күнгө чейин эмгек акысы сакталган өргүүгө чыга алат. Ден соолугуна байланыштуу медициналык корутундунун негизинде отуз күндөн ашык алган күндөрү кызматкердин жылдык өргүүсүнөн кемитилет. Жылдык өргүү учурунда дарыланууга жетишпей калган кызматкерге эмгек акысы сакталбаган өргүү берилет. Бул мөөнөт да аздык кылып калса, Башкаруу кеңешинин буйругу менен ден соолугуна байланыштуу үч айга чейин эмгек акысы сакталбаган өргүү берилет. Буга карабастан, дарыланып бүтпөй калган кызматкерге аны менен түзүлгөн келишимдин мөөнөтүн эске алуу менен алты ай эмгек акысы сакталбаган өргүү берилет.

**(2)** Жылдык өргүү учурунда ооруп калган кызматкер ден соолукка байланыштуу жылдык өргүүгө кошуп, эң көп отуз күнгө чейин медициналык корутундунун негизинде эмгек акысы сакталган өргүү ала алат.

**(3)** Күйөөсүнүн / аялынын, баласынын, энесинин / атасынын, бир тууганынын ооруканада жатканын маалымкат менен тастыктаган кызматкерге оорулууну коштоп жүрүү үчүн 5 күн өргүү берилет.

**Эмгек акысы сакталбаган өргүү**

**10-берене. (1)** Он алты аптадан турган *(эгиз кош бойлууларга 18 апта)* кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүүдөгү аял кызматкер алты айга чейин эмгек акысы сакталбаган өргүүгө чыга алат.

**(2)** Башкаруу кеңешинин буйругу менен кол коюлган келишимдин мөөнөтү бүтө электе, жогорудагы 9 / (1) - беренеде камтылган кырдаалдардан башка учурда, кызматкер эң көп үч ай эмгек акысы сакталбаган өргүүгө чыга алат. Эмгек акысы сакталбаган өргүү күндөрүнүн ортосунда аралык болбошу керек.

**(3)** Кызматкер бир жылда үч айдан ашык эмгек акысы сакталбаган өргүүгө чыкса, бул жагдай кызматкердин иш стажын жана жылдык өргүү күндөрүн эсептөөдө эске алынат.

**(4)** Аскерде кызмат өтөө үчүн кызматкер эмгек акысы сакталбаган өргүүгө чыгат. Кызматкердин иш стажына аскерде кызмат өтөгөн мөөнөтү кирбейт.

**Өргүүнүн башка түрлөрү:**

**11-берене. (1)** Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин кызматкерлери эс ала турган расмий эс алуу күндөрү жана майрам күндөрү Окумуштуулар кеңешинин буйругу менен бекитилет. Зарыл болгон учурларда мыйзам чегинде акы төлөө менен расмий эс алуу күндөрүндө тийиштүү кызматкерди иштетүүгө жол берилет.

**(2)** Кадимки иш күнү талап кылынган нормадан ашык иштеген кызматкерге кошумча эмгек акы төлөнбөйт. Ар бир ашык иштеген сегиз саат үчүн бир күндүк өргүү берилет. Ушундайча берилген он күндү кызматкер жылдык өргүүгө кошуп өргүүгө чыга алат.

**(3)** ЖОЖдон кийинки билим алууну уланткан административдик кызматкерлерге эмгек милдеттерин так аткаруусу талап кылынуу менен жеңилдиктер берилет.

**Өргүүгө чыгуу үчүн уруксат берген жетекчилер**

**12-берене. (1)** Ректор жана биринчи проректор Камкорчулар кеңешинин төрагасынын уруксаты менен өргүүгө чыга алат.

**(2)** Ректордун орун басары, декан, мүдүр жана баш катчы ректордун жана / же биринчи проректордун уруксаты менен жылдык өргүүгө чыга алат.

**(3)** Ректоратта жана ректоратка караштуу административдик түзүмдөрдө иштеген кызматкерлер баш катчынын уруксаты менен жылдык өргүүгө чыга алат.

**(4)** Академиялык түзүмдөрдө иштеген академиялык *(профессордук-окутуучулук курам)* жана административдик кызматкер декандын / мүдүрдүн уруксаты менен жылдык өгүүгө чыга алат.

**(5)** Жогоруда аталган өргүүлөргө кызматкерлер ректордун уруксаты менен гана чыга

алышат. Саат менен берилген уруксаттын суммасы сегиз саатты түзгөндө, кызматкердин жылдык өргүү күндөрүнөн бир күн кемитилет.

**(6)** Жылдык өргүүдөн башка өргүүгө чыгуу тууралуу арыздар ректоратка жиберилет.

**(7)** Кызматкер ишке чыккан дата тууралуу кадрлар башкармалыгына маалымат берилет.

**Жобонун күчүнө кириши**

**13-берене.** Бул жобо Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Жобонун ишке ашырылышы**

**14-берене.** Бул жобо ректор тарабынан ишке ашырылат.

*Бул жобо Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 26-январындагы 2023-01.03-чечими менен кабыл алынды.*